| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын XIV кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 23-апрелиндеги №199 Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагына караштуу Көл-Төр айылына 50 орундуу бала бакчанын имаратын курууга тиешелүү жер аянтын берүү жөнүндө**

Ак-Терек айыл өкмөтүнүн айыл өкмөт башчысы У.Эмилбековдун 06.04.2026-ж. №01-7-1141, сандуу кайрылуусунун негизинде, Көл-Төр айылына 50 орундуу бала бакчанын имаратын курууга тиешелүү жер аянтын бөлүп берүү боюнча Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын корутундусу угулуп, талкууланып, Ак-Терек айыл аймагынын Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагына караштуу Көл-Төр айылына 50 орундуу бала бакчанын имаратын курууга тиешелүү жер аянты бөлүнүп берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу муниципалдык менчикти башкаруу боюнча башкы адиси Т.Мамбетжунушовго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин муниципалдык менчик, жер, архитектура, курулуш, айыл чарба боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы А.Дастановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**